**УДК 070-085**

**КАПАРОВА Ч.А.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ/*
*КНУ им.Ж.Баласагына*
**KAPAROVA CH.A.**
*J.Balasagyn KNU*

# КООМДУК ТЕЛЕВИДЕНИЕ: МААЛЫМАТ БЕРҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## Общественное телевидение: методы и особенности передачи информаций

## Public television: methods and features of information transmission

***Аннотация.*** *Телевидениенин маалыматтык программаларынын ишмердиги саясат менен тыгыз байланышта. Ар бир чыгарылыш саясий процесстерди берүү жана талдоо менен толукталат. Саясий коммуникацияны мамлекет менен элдин ортосундагы маалымат алмашууну камсыздай турган субъект катары кароого болот. Бийлик менен элдин ортосундагы маалымат алмашуу процесси формалдуу жана бейформалдуу деңгээлинде жүрүшү мүмкүн. Дал ушул формалдуу деңгээл – коомдук телевидениенин жардамы аркылуу маалымат алмашуу болсо, бейформалдуу – бул жабык сүйлөшүүлөр. Саясий коммуникация саясий институттардын байланышын бекемдейт. Демократиялык мамлекеттердин жарандарынын өлкөдө жана анын сыртында болуп жаткан маалыматтарды алуу укуктары мыйзамдар менен корголгон. Бул макалада Кыргызстандын телевидениесиндеги маалымат берүүнүн ыкмалары жана өзгөчөлүктөрү талданды. Коомдук телеканалдагы маалыматтарды берүүнүн абалы эл аралык талаптардын алкагында анализденди.*

***Аннотация.*** *Деятельность информационных программ телевидения тесно связана с политикой. Каждый эфир дополняется освещением и анализом политических процессов. Политическую коммуникацию можно рассматривать как субъект, обеспечивающий обмен информаций между народом и страной. Процесс обмена информацией между властью и народом может осуществляться на формальном и на неформальном уровне. Собственно, формальный уровень является обменом информаций с помощью общественного телевидения, а неформальный – это закрытые переговоры. Политическая коммуникация укрепляет связь политических институтов. Право граждан демократических стран на получение информаций о событиях, происходящих в стране и за ее пределами, защищено законодательством. В данной статье были проанализированы методы и особенности передачи информаций на телевидении Кыргызстана. Положение передачи информаций на общественном телеканале было проанализировано в рамках международных требований.*

***Abstract.*** *The activities of television news programs are closely related to politics. Each broadcast is complemented by coverage and analysis of political processes. Political communication can be viewed as a subject that ensures the exchange of information between the people and the country. The process of information exchange between the authorities and the people can be carried out at the formal and informal levels. Actually, the formal level is the exchange of information through public television, while the informal level is closed negotiations. Political communication strengthens the bond of political institutions.The right of citizens of democratic countries to receive information about events taking place in the country and abroad is protected by law. This article analyzed the methods and features of the transmission of information on television in Kyrgyzstan. The position of information*

*transmission on the public TV channel was analyzed in the framework of international requirements.*

***Урунттуу сөздөр:*** *телевидение, маалымат, жаңылыктар, маалыматтык жанрлар, кабарчы, алып баруучу, редакциялык саясат, журналисттик иликтөөлөр*

***Ключевые слова:*** *телевидение, информация, новости, информационные жанры, репортер, ТВ-ведущий, редакционная политика, журналистские расследования.*

***Keywords:*** *television, information, news, Information genres, the reporter, TV presenter, editorial policy, investigative journalism.*

*Тележаңылыктардын* пайда болушу менен телевидение чоң абройго жетип, аны менен саясий инструментке айланды. Казакстандык окумуштуу М.Барманкулов "Журналисты предполагают, что их предназначение – правдивая информация. Политики считают, что журналистика – это информация, которая должна служить их интересам, подавать их деяния и образ в наилучшем свете..." деп, журналистка менен саясаттын ортосундагы байланышты анализдеген [1, с.55]. Журналист саясатчыны элге таанытып, элге жакындатат. Телеканалдарды саясий темалар ээлеп калды. Саясий багыттагы көрсөтүүлөр, жаңылыктар, маектер эл аралык журналистиканын талаптарын, журналисттик этиканы бузбашы керек.

Коомдук макамдагы телевидениенин талаптарынын бири – бул маалыматтардын чындыгы. Бирок журналисттер жаңылыкты сатымдуу, өтүмдүү, кызыктуу, окумдуу, көрүмдүү, угумдуу кылуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктү, анын ичинде журналисттик этикага жат аракеттерди колдон чыгарышпайт. Телеканал макамынан мурда ээлик кылган башкаруучунун талабын канааттандырат.

80-жылдардагы маалыматтын аныктамасына баа берип көрөлү. "Душой информации является *новость.* Чтобы факт составил основу информации, он одновременно должен быть новостью" [2, с.36]. «Если факт сердце информации, то новизна ее душа» [3, с.7]. «Самый прекрасный политик, самое великолепное государство, самый лучший народ – ничто без информации. Самое примечательное событие сушествует для всех только в информации" [1, с.45]. Мында маалымат капысынан пайда болгон эмес, атайын тандалып алынган факт катары кабылданат. Маалымат саясий категория катары кызмат кылат.

Телевидениедеги *маалымат (жаңылык)* – бул актуалдуу кабарларды, тең салмакка салынган пикирлерди, информациянын критерийине жооп бере алган, коомдук маанилүү окуяларды чагылдырган журналисттик чыгарма. Телевизиондук жаңылыктын башка ММК жаңылыктарынан айырмачылыгы – анын таркатуу каналынын өзгөчөлүгү жана кошумча мүмкүнчүлүгү [4. с.85-87]. Маалымат телеберүү советтик телевидениеде 1955-жылы пайда болгон. Мунун тарыхына кайрылсак, корреспонденттер Ю.Фокиндин "Красный Октябрь" фабрикасынан, Борбордук аэродромдо Въетнамдын президентин тосуп алуу иш чарасынан репортаждар биринчи маалыматтык берүү катары жазылып калды.

Тележаңылыктардын сапаты аны алып баруучулардан, диктор, баяндамачы, комментаторлордун кесипкөйлүгүнөн да көз каранды. Телевидение тарыхында алгачкы алып баруучулардын эфирде үнү гана угулуп, өзү көрүнчү эмес. Эфир фотосүрөттөрдүн алмашылып берилиши менен көркөмдөлүп, географиялык карталар жана тең салмактуу тасмалар менен жабылып турган. Мындай жагдай көрүүчүлөрдүн эригүүсүн жаратып, тажата баштаган. Ошондуктан жаңылыктар учурунда адамдарды кадрдан көрсөтүү чечими кабыл алынган эле. Ошол мезгилден тарта «говорящие головы» ("сүйлөп жаткан баштар") деген түшүнүк жаралган. Адамдардын экранда пайда болушу аларды элге таанытып, "элдик баатыр", "каарман" кылууга жеткирди. Кыргыз диктору Т.Жаманбаева "маалыматты жеткирүү алып баруучунун чеберчилигинен да көз каранды" дейт [5, 14-15-б].

Кыргыз телевидениесинин тарыхында маалымат программалардын чыгарылышы Москвадагы Борбордук телевидениеден жана партиялык буйруктан көз каранды эле. Союздун урашы менен СССРдин Мамлекеттик телерадио системасы жоюлду. Көз карандылык доор аяктады. Өз алдынча башкарууга өткөн Кыргыз телевидениенин жаңылыктар чыгарылышы менен маалыматтык программалары изилдөөгө алынып, көрүүчүлөр ички жана чет элдик жаңылыктарды көрүүгө ынтызар деп белгилеген.

Алып баруучулар өзгөчө көркөмдөлгөн студияга отуруп, арткы планда глобустар айланып, компьютердик графикалардын жардамы аркылуу улам обьектилер алмашылып турду, бирок компьютердик декорация маалыматты берүүдөгү мыкты табылга эместигин адистер моюнга алды. Жаңылыктар телестудиясынын жасалгасы классикалык жана туруктуу болушун мезгил көрсөттү [4, с.8-9].

2000-жылдардан кийин Кыргыз телевидениесинин маалымат берүү программаларына жаңылануу алып келүү мезгил талабы болуп калды. Техникалык мүмкүнчүлүктүн өнүгүүсү, авторитардык-кландык башкаруу адамдардын аң-сезимине да бурулуш жасап жатты. Бийлик менен элдин ортосунда ажырым пайда болуп, нааразычылыктар, митинг-пикеттер, акырында элдик революциялар орун алды. Мисалы, 2010-жылы Нарын шаарынын жашоочулары менен премьер-министр Данияр Үсөновдун жолугушуусу тууорасында улуттук телеканал жалган маалыматы берди. “Ала-Тоо” программасынын кечки чыгарылышында (1 апрельде) минтип айтылды - “Нарын шаарынын тургундары тоолуу аймактын жашоочуларына кышкы убакта 220 КВт/саат, жай мезгилинде 110КВт/саат электроэнергияга берилген жеңилдиктерге макул болушту” деп сюжетти көрсөтүшкөн, бирок эл макул болгон эмес [6]. Митингтин катышуучулары УТРК, НТС, ЭлТР телеканалдарынын маалыматтык кызматтары окуяларды бир беткей чагылдырып жатат деп нааразычылыктарын билдиришкен.

Апрель революциясы (2010-ж) Кыргыз телерадиоберүүлөр корпорациясынын элдик, коомдук канал болуп кайра түзүлүшүнө алып келди. Коомдук телевидениенин негизги милдети – бул коомду мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийлик бутактарынын, жалпы эле бийликтин, саясий ар башка күчтөрдүн үгүтөөчү маалыматтарынан четтетүү эле.

2010-жылы кабыл алынган Редакциялык саясатынын негизинде КТРК өлкөнүн Конституциясында белгиленген сөз эркиндиги боюнча принциптин негиздерин эске алуу менен, Коомдук телерадио жөнүндөгү Декретке таянып, эреже-тартиптин нормаларын бекиткен. КТРК маалымат саясатта журналистиканын стандарттарын алып барууга өткөн [7]. Ооба, так ушундай болду, бирок жогорку бийликтин тизгининен ажырабады.

“КТРКнын Редакциялык саясатында “маалыматтык программада жеке пикирин журналист бербейт, аудиториянын кызыкчылыктарын эске алуу менен окуялар жана фактыларды объективдүү, бурмалабай чагылдырууга умтулат” деп жазылган [7].

2010-жылга чейин “Ала-Тоо” маалыматтык программасы күндүн биринчи темасы кылып Президенттин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн ишмердүүлүгүн көрсөтүп, андан кийин гана элдин көйгөйлөрүн камтып, бийлик тарабынан макулдашылган кабарларды берип турган. Коомдук телевидениенин биринчи жетекчиси (“Азаттыкта” иштеген) журналист Кубат Оторбаев өзгөрүүнү “Ала-Тоо” маалымат программасынан баштаган. Программа элдин абалын, коомдогу көйгөйлөрдү чагылдырган жаңылыктар менен башталып, андан кийин Президенттин жана бийлик бутактарынын ишмердигин көрсөткөн. Эки жылга жетпеген аралыкта көрүүчүлөрдүн КТРКнын маалыматтарына болгон ишеними кескин түрдө жогорулады. ЭлТР маалыматтарына ишеним өзгөргөн эмес, “5-канал” болсо ишенимден кете баштаган [7, с.65-66].

“Ала-Тоо” маалымат программасынын журналисттери жаңыча иштөөнүн, жаңылыктарды даярдоодо заманбап ыкмаларын үйрөнгөн. 2010-жылы орун алган олуттуу, каргашалуу окуяларды чагылдыруу телевидение үчүн оор болду. Журналисттерди коркутуулар, камералардын талкаланышы өңдүү маалыматтар катталды. 11-июнда УТРКнын Ош облусу боюнча кабарчысы Гульбара Кенжееванын

өмүрүнө коркунуч жаралып, оператор Ибрагим Ашуровго белгисиз адамдар бычак менен кол салган. Алар окуяны чагылдырууну токтотууга аргасыз болушкан. ЭлТР кабарчыларына да кол салуу болгон. «Журналисты» деген уюмдун маалыматы боюнча, оператор Расул Насирдиновдун унаасы сынган, жергиликтүү 6 журналист жабыркады, «ОшТВ» телекомпаниясынын имараты талкаланды [6].

Ош окуясы туурасында биринчи маалымат УТРК аркылуу каргаша болгон түндөн кийин, 2010-жылдын 11-июнь күнү эртең менен "Замана" студиясы аркылуу элге угузулган. УТРК кызматкерлери эмне болгонунан кабары жок эле. Так маалыматты алуу мүмкүн болбой турган. Түз эфир аркылуу Ош облусуна жеткен Убактылуу Өкмөт мүчөлөрүнөн маалымат алышкан. Биринчи маалымат мына ушундай ыкма менен жалпы кыргыз элине угузулду. Андан кийин маалыматтар саат сайын алмашып, телевидение журналисттери элди тынчтандырууга, эки улуттун өкүлдөрүн сабырга чакырган маектерди, кабарларды берип турду.

2010-жылдагы окуяларды Кыргызстандын жалпыга маалымдоо каражаттары кандай чагылдырганы боюнча «Медиа полиси-Кыргызстан" институту атайын мониторингдин алкагында баяндама жасаган. Мониторинг үчүн май жана июнь айларындагы телесюжеттер алынган. Талдоо жүргүзүү үчүн УТРК, "ЭлТР" жана "5-канал" телеканалынын жаңылыктары тандалган. [8, с.14-24].

2009-жылдын 13-мартында болгон сенсациялуу саясий өлтүрүүнүн бети ачылып, журналист Канат Каниметовдун "Жизнь и смерть Медета Садыркулова" деген аталыштагы атайын репортажы 2013-жылы орус тилинде жарым сааттык хронометраж менен даярдалган. Репортаж каргаша болгон күндөгү жана түндөгү окуяны актерлердун жардамы менен, укук коргоо органдарынын тергөө бөлүмүнүн кызматкерлеринин маалыматтарынын негизинде тартылган. Миңдеген адамдарды чогултту.

Коомдук болгондон кийин телеканал ички түзүмдү карап чыгып, айрым редакцияларды бириктирип, оптималдаштырууну жүргүзгөн. Натыйжада 6 телевизиондук бөлүм - "Ала-Too" маалыматтык программалар дирекциясы, социалдык-экономикалык жана инновациалык программалар (СЭИП), «Ибарат» маданий-агартуучулук программалар студиясы, «Замана» таңкы программасы, "Котормо жана дубляж студиясы" менен жаштар бөлүмдөрү бириктирилген.

2012-жылдын 1-декабрынан тартып "Ала-Тоо" №10 монтаждоо студиясы ишке киргизилди. Видеомонтаждоо үчүн 6 комплект компьютердик станциялар ачылды. Эл аралык жаңылыктарды жандантуу үчүн BBC менен эл аралык окуялар боюнча 10 минуталык сюжеттерди алып туруусу макулдашылган. Натыйжада "Ала-Тоо" блокторундагы эл аралык жаңылыктар рубрикасы күн сайын сунуштала баштады. "Ала-Тоо 24" каналынан айырмаланып, "Ой-Ордо", "ЖКХ" деген ток-шоу программаларында ар башка пикирлердин "таймашуусу" орун алган. "Актуальный разговор" жана "Атайын репортаж" программаларында талаптар маселени өз ыктыярлары менен талкууга алып, аны биргелешип чечүүнүн жолун талдайт.

Кыргызстандагы телевидениенин негизги милдети – бул элге маалыматты агартуучулук менен илим-билим багытында чагылдыруу. Бирок өлкөдөгү саясий курч процесстер, коомдун саясатташканы ММКдан көбүрөөк саясий маалыматтарды талап кылууда. Мисалы, Президенттик жана парламенттик шайлоолор учурунда ички редакциялык саясаттын эрежесине ылайык даярдалып, азыр да жогорку рейтингдүү көрсөтүүнүн сап башынан орун алып келе жаткан "Дебаттар" (Дебаты) деген программасын айтсак болот. "Дебаттардын" алгачкысы 2011-жылы КТРКнын түз эфиринде көрсөтүлүп, ал президенттикке талапкерлерге арналды. Алып баруучулары КТРК башкы директору Кубат Оторбаев жана "Мир" телерадио компаниясынын кыргыз филиалынын жетекчиси Динара Сүймалиева харизмалуулугу, тактыгы, курч суроолору менен айырмаланып, программа цензуранын жоктугу менен өзгөчөлөнгөн.

Теледебаттардын көрүмдүүлүгү эске алынып, ар бир шайлоодо эфирге даярдоо салтка айланды. Президенттик жана парламенттик гана эмес, жергиликтүү кеңештерге

талапкерлердин да дебатын уюштуруу чечими чыгып, 2021-жылы болгон жергиликтүү кеңештерге шайлоолор алдында да КТРКнын “Маалымат” редакциясы тарабынан жергиликтүү кеңешке катышуучу партиялардын лидерлеринин дебаттары көрсөтүлгөн.

Байма Сутенованын “Демократия сабактары” деген көрсөтүүсүнөн улам КТРК саясий социализациянын куралы катары каралат. Көрсөтүү өткөндү эске салган, эгемендик алып, демократиялык өлкө болгондон беркини эскерет. Бирок, бул көрсөтүү бийликтин цензурасына кабылган учуру жок эмес. Мисалы, 2014-жылы 21-ноябрда “Демократия сабактары” эфир учурунда үзгүлтүккө учураган. Ошол чыгарылышы экс-президент А.Акаев жөнүндө жасалган. Программа эфир учурунда токтотулган. Жогорку Кеңеште Акаевдин ишмердүүлүгүн чагылдырып келген журналистке нааразычылык айтылган [10].

Дагы бир сенсациялуу окуя деп 2013-жылдын 7-январында Бурулай Пусурманкулова жана Ширин Асанакунова электр энергиясы үчүн акы төлөбөй жаткан особняктар боюнча энергетика тармагынын адистери менен текшерүү рейдин атасак болот. Тартуу учурунда кабарчылар особняктардын биринин ээсинин кол салуусуна кабылышып, жаракаттарды алып, дарыгерлердин жардамына муктаж болушкан. Бирок бул окуя эки тараптын элдешүүсү менен аяктаган.

Тилекке каршы, журналисттерге кол салуу Кыргызстанда жыл сайын катталган жаман өнөкөткө айланган. Мисалы, 2006-жылы "Пирамида" ТРКсына болгон түнкү кол салуу, 2007-жылы "Саясат" гезитинин башкы редактору Алишер Саиповдун өлтүрүлүшү, 2009-жылы "Репортер Бишкек" гезитинин баяндамачысы Сыргак Абдылдаевдин, көз карандысыз журналист Кубанычбек Жолдошевдин сабалышы, Геннадий Павлюктун өлтүрүлүшү, 2015-жылы журналист Дарья Подольская, 2016-жылы "Деньги и власть" гезитинин башкы редактору Турат Акимов басымдыкты көрүшкөн.

КТРК журналисттери тарабынан жүргүзүлгөн журналисттик иликтөөлөр коомдун кызыгуусун жараткан талкууларга алынып гана тим болбой, көрсөтүүдөн кийин атайын парламенттик комиссиялар түзүлүп, кылмыш иштери козголуп, саясий чечимдер кабыл алынып келет. Коомдук канал сын менен бирге коомдун кызыкчылыгына басым жасайт. Мисалы, 2015-жылдын 24-февралында КТРКнын “Ала-Тоо” маалымат программасы аркылуу Чүй облусунун Сокулук районундагы Ак-Жол айылында эшектер союлуп, ашканаларга сатылып жаткандыгы тууралуу репортаж чыккан. Репортажды кыргыз тилинде кабарчы Мээрим Бакир кызы, орус тилинде Эльнура Молдокадырова даярдап, кийин ал журналисттердин “Эшек бизнес” деген иликтөөсүнө айланды. Маселе Жогорку Кенеште каралып, журналисттер Парламентке чакыруу алышкан. Мындайда КТРК коомдогу маселелер боюнча саясий чечимдердин өз учурунда кабыл алынаарын анализге алган тарап катары да кызмат кылат.

Коомдук болгону менен мамлекеттик органдардын расмий кабарларын берүү вазыйпасы да аткарылып жатты. “КР Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы жөнүндө” мыйзамына ылайык, КТРК мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн чагылдырууга милдеттүү.

Коомдук каналдын маалыматтак программаларынын чыгарылышынын сапаты журналисттерден гана эмес, каналдын жетекчисинен, анын саясий эркинен дагы көз каранды. Белгилей кетүүчү жагдай, мамлекетте туруктуулук өкүм сүргөн учурда, эгерде ар кандай саясий, экономикалык чукул окуялар болбосо, дайыма Президенттин жана башка бийлик органдарынын ишмердүүлүгүн чагылдыруу негизги темага айланат. Айрым учурларда, мисалы, көрүнүктүү саясий-коомдук ишмердин көзү өткөндүгү, өлкөдө өзгөчө кырдаал (сел каптоо, жер титирөө) тууралуу жаңылыктар биринчи тема болуп берилет[11].

Кыргызстандын калкынын медиа табитин изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча, 2017-жылы КТРК телеканалдарынын контенти рейтингдеги лидерлигин камсыздаган. Бул телеканалдын жалпы республикага көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жана элдин дайыма КТРКны көрүү адаты менен да байланыштуу. КТРКны күнүмдүк аудиториясынын орто

эсептеги көлөмү 69,1% түзгөн. Мисалы, КТРКнын «биринчи каналын» күнүгө 648 миң 600 киши көрүп, биринчиликти, «КТРК Музыка» көрүмдүүлүгү боюнча экинчи, ал эми үчүнчү орунду – Россиянын Биринчи каналы (ОРТ) камсыздаган [12, с.18-19].

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо өнөктүгү болду. КТРК талапкерлердин ортосунда түз эфирде өтүүчү дебаттарга, тегерек столдор менен жеке кайрылууларга даярдык алкагында эфирдик студиялардын декорацияларын жана реквизиттик бөлүмүн жаңылаган. Көрүүчүлөрдүн көңүлүн буруп, шайлоо алдында талапкерлердин позициясын толугу менен ачып берүү максатында, КТРКнын эң мыкты кызматкерлери тартылды. Эл аралык тажрыйба колдонуп, дебаттардын заманбап форматы ишке ашырылган [12, с.20].

Теледебатка катышуучулардын ортосунда кайчы пикирдүү суроолор жана аймактардан топтолгон видеосуроолор колдонулду. Талапкерлерге акы төлөнүүчү эфирдик убакытты берүүнүн жыйынтыгы менен 47 миллион 411 мин 895 сом суммадагы акчалай каражат КТРК казынасына түшкөн[12, с.57].

Маалыматтарды таркатуунун, каналдын көрүмдүүлүгүн арттыруунун аракети менен күнү-түнү көрсөтүүчү “Ала-Тоо 24” телеканалынын онлайн-трансляциясы түзүлгөн. Канал, бүгүнкү күндө өлкөнүн телеканалдарынын ичинен онлайн көрүүлөрү боюнча биринчи позицияда. КТРК сайттарынын Google analytics боюнча статистикалык көрсөткүчтөрү 2017-жылы кыйла жогорулап, көрүү мурунку жылга салыштырмалуу 2 эсеге көбөйгөн. Бул 4,5 миллион көрүүнү түздү.

Техникалык өнүгүү менен бирге коомдук каналдын маалыматтык берүүлөрүнүн ыкмалары жаңыланып, өзгөрүүлөр орун алууда.

### ***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Барманкулов, М. “Телевидение: деньги или власть?” // учебное пособие / М.Барманкулов. –Алматы, “Санаит”, 1997. – 272 стр.
2. Пальгунов, Н.Г. Заметки об информации / Н.Г.Пальгунов. — М.: МГУ, 1967. — 156 с.
3. Пельт, В.Д. Информация в газете / учеб.-метод. пособие. — М. : Изд-во МГУ, 1980. — 63 с
4. Цвик В.Л. Телевизионные новости России. [Текст]: Учебное пособие / В.Л. Цвик., Я.В. Назарова. -М.:Аспект Пресс, 2002. -176 стр.
5. Джаманбаева, Т.К. Телерадио алып баруучунун чеберчилиги. // Т.К.Джаманбаева. - Бишкек, 2013. – 136б.
6. Мониторинг СМИ за апрель 2010 г [Эл.ресурс] https://journalist.kg/ru/about/
7. Годовой отчет о деятельности Общественной телерадиовещательной Корпорации Кыргызской Республики за 2011 год. [Текст]. Отчет ОТРК 2011
8. Биз кантип жаңылык даярдайбыз? (Кыргызстандын жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ЖМК) кесипкөйлүгү боюнча баяндама). Эл.ресурс http://journalist.kg/wp-content/uploads/2012/10/OtchetKyrg.pdf Бишеке,2010. – 25стр.
9. Касмалиева А. Теледебаты кандидатов в президенты стали главным медиа-событием/ [Электронный ресурс]/30.10.2011/ А.Касмалиева https://rus.azattyk.org/a/kyrgyzstan_teledebats_otorbaev_suimalieva
10. Мамырова Б. В ОТРК работает человек, освещавший ранее деятельность экс-президента А.Акаева: [Эл.ресурс] / Июн 12, 2013 / http://kg.akipress.org/news:576725
11. Годовой отчет Наблюдательного совета ОТРК КР за 2016 г. –Бишкек, март 2017. – 53стр.
12. Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы. Жылдык отчет, 2017-жыл. –Бишкек, 2018. -71б.

***Рецензент: Алымбаева З.А.*** *– филология илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти*